КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

“КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ” МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ “АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА”

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**12-сентябрь 2025-жыл № 13** **Совет айылы**

**“Жаңы ачылган бала бакчалардын штаттык бирдиктерин бекитүү жөнүндө”**

Кеңеш айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 10-сентябрындагы № 01-17/566 сандуу катынын негизинде, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамынын 8-беренесине, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 60-беренесине ылайык, Бюджет, экономика, ички жана сырткы инвестиция тартуу боюнча туруктуу комитетинин корутундусуна негиз Кеңеш айылдык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз XI-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу 1-Май айылында жайгашкан № 53 Күн-Нуру мектепке чейинки билим берүү уюмуна жалпы 16 (он алты) штаттык бирдиги жана Коткор айылында жайгашкан № 52 Курманбеков Умарбек атындагы мектепке чейинки билим берүү уюмуна 18 (он сегиз) штаттык бирдиги бекитилсин.

2. Токтомдун мыйзамдуу аткарылышын Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко жана башкы эсепчи Э.Абдураимовко милдеттендирилсин.

3. Токтом Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү” Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.

4. Токтомду көзөмөлдөө жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басарлары Э.О.Оморовко жана Б.К.Матишевке жүктөлсүн.

**Төрага** **С.К.Сатаров**